ОТЧЁТ

«Прикладдык программаларды Кыргыз Республикасынын санаторий-курорттук жана туристтик тармагындагы бизнес-процесстерди эсепке алууда натыйжалуу пайдалануу» темасында өткөрүлгөн конок лекциясы боюнча

2026-жылдын 12-ноябрында И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин Маалыматтык технологиялар институтунун «М.Дж.Джаманбаев атндагы колдонмо математика жана информатика» кафедрасынын профессордук-окутуучулук курамы (ПОК) жана студенттери үчүн «Прикладдык программаларды Кыргыз Республикасынын санаторий-курорттук жана туристтик тармагындагы бизнес-процесстерди эсепке алууда натыйжалуу пайдалануу» деген темада конок лекциясы өткөрүлдү.

Конок лекция менен **Марат уулу Бакай** -Кыргыз Республикасынын Президентинин Иш башкармалыгына караштуу санаторий-курорттук, ден соолукту чыңдоочу жана туристтик объекттердин ишмердүүлүгүн башкаруу дирекциясынын көзөмөлдөө жана координациялоо бөлүмүнүн адиси чыгып сүйлөдү.

Лекциянын жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын санаторий-курорттук, ден соолукту чыңдоо жана туристтик тармактарындагы бизнес-процесстерди автоматташтыруу жана эсепке алуу үчүн прикладдык программалык каражаттарды колдонуунун заманбап ыкмалары каралды.

Өзгөчө көңүл санаторий-курорттук жана туристтик кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү бизнес-процесстерди уюштуруу, эсепке алуу жана координациялоо үчүн маалыматтык системаларды жана прикладдык программалык камсыздоону колдонуу өзгөчөлүктөрүнө бурулду. Лектор санариптик инструменттердин жана автоматташтырылган эсепке алуу системаларынын тиешелүү объекттерди башкаруунун натыйжалуулугун жогорулатуудагы мааниси жөнүндө маалымат берди.

Лекциянын маанилүү бөлүгү катары прикладдык программаларды кесиптик ишмердүүлүктө колдонуунун практикалык аспектилери, тармакты санариптештирүүнүн өзгөчөлүктөрү, ошондой эле башкаруу жана уюштуруу процесстерин өркүндөтүүдөгү маалыматтык технологиялардын ролу талкууланды.

Иш-чаранын катышуучулары маалыматтык технологияларды экономиканын реалдуу секторунда колдонуунун практикалык тажрыйбасы менен таанышып, заманбап санариптик инструменттер жана алардын Кыргыз Республикасынын санаторий-курорттук

жана туристтик тармагындагы ишканалардын натыйжалуулугун жогорулатуудагы мааниси жонүндө түшүнүктөрүн кенейтишти.

Жолугушуунун жүрүшүндө студенттер жана окутуучулар талкууга активдүү катышып, кызыктырган суроолорун беришти жана кесиптик ишмердүүлүккө маалыматтык технологияларды киргизүүнүн келечеги боюнча пикир алмашышты.

Конок лекция академиялык билим берүү менен тармактын практикалык муктаждыктарынын ортосундагы байланышты чыңдоого, студенттердин прикладдык маалыматтык системалар жаатындагы билимдерин кенейтүүгө жана «Бизнес-информатика» багыты боюнча билим берүүнүн практикалык багыттуулугун жогорулатууга өбөлгө түздү.

Иш-чара кесиптик тажрыйба алмашуу жана студенттерди Кыргыз Республикасынын санаторий-курорттук жана туристтик тармагын санариптештирүүнүн практикалык маселелери менен тааныштыруу үчүн пайдалуу аянтча болуп калды.

Өткөрүлгөн күнү: 2026-жылдын 12-ноябры.

Өткөрүлгөн жери: 2/318-аудитория, тайпа БИ-1-25 жана ПОК кафедрасынын «ПМиИ им.М.Дж.Джаманбаева».

М.Дж. Джаманбаев атындагы КМжИ»каф.баш. _____ Шекеев К.Р.



